КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

STEM ИННОВАЦИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

"Бекитемин"
ОшМУнун ректору,
профессор К.Т.Кожобеков
____
____ __________2022

ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН

НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

Адистиги: 230701– Колдонмо информатика (тармактар боюнча)
Квалификациясы – Техник-программист

Окуунун формасы: күндүзгү

2022-2023 окуу жылы

Ош - 2022

Орто кесиптик билим берүүнүн 230701 – Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүнүн программасы (НКББП) КРнын ББИМнин кесиптик орто билим берүү боюнча 2022-ж. 10-майындагы № 863/1 буйругунун негизинде Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистигинин талаптарына ылайык түзүлдү.

230701– Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүнүн программасы “Орто кесиптик билим берүүнүн Информациялык-коммуникациялык дисцплиналар” циклынын отурумунда (прот. №1 29.08.2022-ж.), Информациялык-технологиялар бөлүмүнүн отурумунда (прот. №1 01.09.2022-ж.), STEM инновациялык колледжинин педагогикалык кеңешинде бекитилген (прот.№1; 05.09.2022-ж).

230701 - Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү программасын иштеп чыккандар:

1. Шакиров К.К. – программа жетекчиси, ИКД циклдык комиссиясынын төрагасы, улук окутуучу;
2. Абдималик к.Н. -ИКД циклдык мүчөсү;
3. Жумабек к Г. - ИКД циклдык мүчөсү;
4. Курманали к А.- ИКД циклдык мүчөсү;

1.1. НКББПны иштеп чыгууда төмөндөгү нормативдик документтер жетектөөгө алынды:

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү боюнча колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистигинин мамлекеттик стандарты;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик-методикалык документтери;
- ОшМУнун Уставы;
- ОшМУнун ички нормативдик актылары (Бюллетень - 6, 18, 19, 33).

НКББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессин ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, көрсөтүлгөн багыт боюнча бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат.

НКББП өзүнүн ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жалпы жоболорун;
- максаттарын;
- окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды;
- окуу планын;
- жумушчу окуу планын;

- ➢ программанын компетенциялар картасын;
- ➢ окуу пландагы дисциплиналардын программасынын аннотацияларын;
- ➢ практикалардын программасынын аннотациясын;
- ➢ мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга карата талаптар.

1.2. Программада кездешүүчү терминдер жана кыскартуулар

МББС – Мамлекеттик билим берүү стандарт;
ОКББ – Орто кесиптик билим берүү;
НКББП – Негизги кесиптик билим берүү программасы;
ОМК – Окуу методикалык комплекс;
ЖК – Жалпы компетенциялар;
КК – Кесиптик компетенциялар;
ДК – Кошумча компетенциялар.
М – Максаттары;
ОН – Окутуунун натыйжалары;

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, Окутуунун натыйжаларыды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү жараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун чектөөчү (регламенттөөчү) окуу, усулдук (методикалык) иш кагаздардын топтому (документтердин жыйындысы);
- **сабактар цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окула турган сабактардын топтому;
- **модуль** – окула турган сабактардын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** (зиректүүлүк) - тийиштүү тармакта кесиптик ишмердүүлүк менен аткаруудагы зарыл болгон инсандык динамикалык сапаттарынын топтому, билими, шыгы, көндүмү;
- **техник-программист -** 1 жыл 10 айдан (11-кл.базасында), 2 жыл 10 айдан (9-кл.базасында) кем эмес мөөнөтү менен орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөндөргө аттестациянын жыйынтыгы боюнча ыйгарылуучу квалификация жана ал квалификацияга ээ болгондор үчүн белгилүү бир кесиптик ишмердик менен иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча «бакалавр», «инженер» академиялык даражасын алуу үчүн окууну улантууга укук берет;
- **кредит (чегерим бирдик) -** негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары -** негизги билим берүү программасын окуп өздөштүргөндүгүнүн жыйынтык.

2. ПРОГРАММАГА ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

230701 «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» даярдоо багыты боюнча ишке ашырылып жаткан негизги кесиптик билим берүү программасы – бул мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде эмгек рыногунун талаптарын, орто кесиптик билим берүүнү даярдоонун тиешелүү багыты (Мамлекеттик ОКББ), ошондой эле сунушталган долбоорунун негизинде билим берүү программасын эске алуу менен иштелип чыккан документтердин системасы.

НКББП максаттарды, Окутуунун натыйжаларыды, мазмунду, билим берүү процессинин реализациялоо технологияларын жана шарттарын, ушул багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун баалоо сапатын жана төмөнкүлөрдү өз ичине камтуу менен: окуу план, окуу курстарынын жумушчу программалары, предметтери, дисциплиналар (модулдар), студенттерди даярдоо сапатын камсыздаган жана башка материалдар, андан сырткары окуу календардык график жана тиешелеш билим берүү технологиясын реализациялоону камтыган методикалык материалдарды регламенттештирет.

2.1. ОКББ НКББПны пайдалануучулар:

- Колдонмо информатика (тармактар боюнча) багыты боюнча Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын учурдагы суроо-талаптарына ылайык даярдоону жүргүзүп жаткан орто кесиптик билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана кызматкерлери;
- Колдонмо информатика (тармактар боюнча) боюнча кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Колдонмо информатика (тармактар боюнча) пограммасы боюнча бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоону жүргүзүүчү мамлекеттик аттестациялык коммиссиялар;

2.2. НКББПга жалпы мүнөздөмө

Адистикти өздөштүрүү формасы: күндүзгү.

Адистикти өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

- жалпы орто билим берүү базасында - 1 жыл 10ай;
- негизги билим берүүнүн базасында - 2 жыл 10 ай.

2.3. Программанын максаттары.

Максат 1. Заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөө үчүн жогорку сапаттагы негизги социалдык, экономикалык, математикалык, гуманитардык, табият таануу жана атайын билимдерди берүү.

Максат 2. Кесиптик ишмердүүлүгүндө технологиядагы жана илимдеги жаңы шарттарга интеграцияланган, эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган жана кызыктар тараптар менен кызматташа билген, уюштурууучулук

жөндөмгө ээ, инсандык-социалдык сапаттарын калыптаандыруучу, өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымын кошо алган, максатка умтулган, эмгекчил, жоопкерчиликтүү, коммуникативдүү, толеранттуу, универсалдуу жана предметтик-адистешкен компетенцияларга ээ болгон адистерди даярдоо.

Максат 3. Кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө, экономикалык илимий-изилдөө иштеринде, жалпылоо, талдоо, максат коюу жана ага жетүү жолун тандоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө салым кошуу, ошондой эле мамлекеттик жана расмий тилде оозеки жана жазма түрүндө өз оюн туура, негиздүү жана так билдирүү жөндөмүн өнүктүрүү.

1.1. НКББПнын күтүлүүчү натыйжалары жана комптенциялардын калыптанышы

№	Күтүлүүчү натыйжалар	Компетен-циялар
	1-максат.	
ОН-1	Курчап турган дүйнө жөнүндө бирдиктүү илимий билимдерге, коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук негизде социалдык өз-ара аракеттенишүүгө, өзүнүн жетишкендиктерин баалай билүүгө кемчиликтерин жокко чыгарууга, жаңы билим алуу менен жарандык позицияга ээ болуп диалогго катыша алат.	ЖК-7 КК-2.1.
ОН-2	Мамлекеттик, расмий жана чет тилин пайдаланып заманбап компьютердик технологиялардын жардамында максатка жетүү жолдорун пландаштыра алат.	ЖК-8 КК-2.2.
ОН-3	Илимде пайда болгон заманбап информациялык технологияларды колдонуу менен социалдык-экономикалык маселелерди талдоого баалоого жөндөмдүү	ЖК-1 КК -10
	2-максат.	
ОН-4	Кардарлардын муктаждыктарын аныктоо максатында ишкананы маалыматташтыруу долбоорлоруна катышат, маалыматты чогултат жана талдайт, статистикалык жана динамикалык маалыматтын мазмунун иштетет.	ЖК-5 КК -1 КК -2 КК -7
ОН-5	Башкаруу системасында кардарлар менен өз ара мамилени жөнгө салууга, коллективди уюштурууга, өнөктөштөр менен карым-катышта болууга жөндөмдүү	ЖК-2 КК -14
ОН-6	Тармакка тиешелүү маалыматты иштетүүчү жабдууларды конфигурациялоого, техникалык тейлөөгө,	ЖК-6 КК -8

	тестирлөөлөнү жүргүзүүгө, тармактык программалык камсыздоону орнотууга жана иштетүүгө жөндөмдүү.	КК -13
	3-максат.	
ОН-7	Кесиптик маселелерди чечүүдө математикалык, табигый, гуманитардык, экономикалык илимдердин негизги жоболорун пайдаланууга жөндөмдүү жана прикладдык программаларды колдонуу менен автоматташтыра алат.	ЖК-10 КК -4 КК -12
ОН-8	Операциондук системаларды жана сервистик каражаттарды орнотот, алардын өзгөчөлүктөрүн жана иштөө принциптерин билет жана техникалык тейлөө жумуштарында колдоно алат.	ЖК-4 КК- 3 КК -5
ОН-9	Заманбап программалоо тилдери , программалык жабдылыш, программалардын алгоритмин иштеп чыгуу принциптерин жана берилгендер базасын түзүү жөндөмдүүлүгүнө ээ.	ЖК-9 КК -9 КК -11
ОН-10	Кесиптик ишмердүүлүгүндө заманбап технологияларды колдонуу менен Web тиркемелерди түзүү жана графика менен иштөөнүн ыкмаларын тез жана эффективдүү өздөштүрө алат	ЖК-3 КК -6

1.2. НКББПнын максаттары жана күтүлүүчү натыйжаларынын дал келүү матрицалары

Күтүлүүчү натыйжалар	**М-1.**	**М-2.**	**М-3.**
ОН-1	+		
ОН-2			+
ОН-3		+	
ОН-4		+	
ОН-5	+		
ОН-6	+		
ОН-7	+		
ОН-8		+	
ОН-9			+
ОН-10			+

2.6. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы жана кесиптик компетенциялары.

230701 «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» адистиги боюнча бүтүрүүчү ушул ОКББ НКББнын 3.4. и 3.8. беренелеринде көрсөтүлгөн КББНПнын максаттарына жана кесиптик ишмердигинин милдеттерине ылайык төмөнкүдөй компетенцияларга ээ болууга тийиш:

А) жалпы компетенциялар (ЖК):

ЖК 1. Өздүк ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткарууда ыкмаларды жана каражаттарды тандоо, алардын сапатын жана натыйжалуулугун баалоо;
ЖК 2. Кесиптик маселелерди чечүү, стандартуу жана адаттан тыш кырдаалдарда чечим кабыл алуу, демилге көтөрүү жана жоопкерчиликтүү болуу;
ЖК 3. Кесиптик маселелерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсанды көнүгүү үчүн керектүү маалыматты издөө, иштеп чыгуу жана колдонуу;
ЖК 4. Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалымат-коммуникациялык технологияларды колдонуу;
ЖК 5. Командада иштөө, жетекчилик, кесиптештери, кардарлар, өнөктөштөр менен карым-катышта болуу;
ЖК 6. Коллективди уюштуруп-башкарып иштөөгө, командада иштегендер үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу, аларды эмгек орундарына үйрөтүү;
ЖК 7. Өзүнүн жеке жана профессионалдык өнүгүүсүн башкара алуу, кесиптик ишмердүүлүгүндөгү технологияларга жана эмгек шарттарынын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу;
ЖК-8. Чакан топторду уюштуруу жана башкаруу ишмердүүлүгүнө даяр болуу;
ЖК-9. Заманбап билим берүү жана маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди өз алдынча жогорулатууга жөндөмдүү;
ЖК-10. Өзүнүн ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына өз алдынча илимий негизде баа берүүгө жөндөмдүү.

Б) Кесиптик компетенциялар (КК)
Тармактык маалыматтарды иштетүү:

КК- 1. Статикалык маалыматтар контент иштетүү
КК -2. Динамикалык маалыматтар контенттин иштетүү

КК -3. Жабдууларды ишке даярдоо

КК -4. Маалыматтык контентти иштеп чыгуу үчүн тармактык жабдууларды иштетүү жана оңдоп түзөө;

КК -5. Компьютердин, перифериялык түзүлүштөрдүн жана электр байланыш системаларынын иштешин контролдоо, алардын талаптагыдай иштешин камсыз кылуу;

– Тармактык багытта программалык камсыздоону иштеп чыгуу, киргизүү жана адаптациялоо

КК -6. Кардардын керектөөлөрүн аныктоо үчүн маалыматтарды чогултуу жана талдоо;

КК -7. Даяр спецификациялардын жана стандарттардын негизинде статикалык жана динамикалык мазмуну бар тармактык программалык камсыздоону жана маалыматтык ресурстарды иштеп чыгуу жана жарыялоо.

КК -8. Тармактык багыттагы программалык камсыздоону тестирлөөнү жүргүзүү жана мүчүлүштүктөрдү оңдоо.

КК -9. Тармактык программалык камсыздоону адаптациялоо;

КК -10. Продукциянын сапатын өлчөөгө жана текшерүүгө катышуу.

Тармактык багытта программалык камсыздоону колдоо жана жайылтуу :

КК -11. Тармактык багыттагы программалык шайкештик маселелерин чечүү.

КК -12. Тармактык багыттагы программалык камсыздоону презентациялоо жана жайылтуу;

КК -13. Тармактык программалык камсыздоону тейлөө, тестирлөө, текшерүүлөрдү жүргүзүү;

КК -14. Башкаруу системасында кардарлар менен өз ара мамилени жөнгө салуу;

В) Окуу жай тарабынан сунушталган кошумча компетенциялар

КК-2.1. (ДК)Сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана анын ресурстарын рационалдуу (үнөмдүү) пайдалануу, кырдаалга жараша аракеттерди, өндүрүштүк санитария, өрт коопсуздугу эрежелери жана эмгекти коргоо нормалары жөнүндө зарыл болгон билимдерди колдонууга жөндөмдүү.

КК-2.2. Мамалекеттик жана расмий тилдерде өз оюн ишенимдүү туура так айтып жаза билүүгө, чет тилдеринин биринде чөйрөдөгүлөр менен баарлашууга жана компьютердик технология тармагында иштөө үчүн техникалык англис тилин колдонуу

2.9. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) боюнча НКББПны өздөштүрүү мөөнөтү

Адистикти өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

- жалпы орто билим берүү базасында - 1 жыл 10ай;
- негизги билим берүүнүн базасында - 2 жыл 10 ай.

2.10. НКББПны өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу

- орто жалпы билим берүүнүн базасында 120 кредит (зачеттук бирдик);
- негизги билим берүү базасында120 кредит (зачеттук бирдик).
- Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү каралат).

2.11. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногундагы керектөөлөрүнө анализ
Бүгүнкү күндө замандын талабына ылайык информациялык технологиялардын күндөн күнгө өнүгүп жаткандыгына байланыштуу техник программист адистигине ээ болгон адистерге суроо талап жогору. **Колдонмо информатика (тармактар боюнча)** адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногундагы керектөөлөрүн иликтөө максатында Ош шарындагы жана Ош областтарындагы иш каналардын жетекчилери менен жолугушуулар, тегерек столдор уюштуруп, атайын сурамжылоонун натыйжасында **Колдонмо информатика (тармактар боюнча)** адистери 40-50%ды түзөөрү белгилүү болду.

2.12. Эмгек рыногу жана негизги иш берүүчүлөр менен байланыштар
Колледж иш берүүчүлөр менен тыгыз байланыш түзүп, практикаларды уюштуруу, жетектөө жана жыйынтыгын чыгаруу боюнча биргелешип иш алып барат. Ошондой эле иш берүүчүлөргө адитистикке сабак берген окутуучулар менен тажрыйба алмашуу максатында 2021-2022 окуу жылынан баштап атайын штаттык орун бөлүнүп берилди.
Колдонмо информатика (тармактар боюнча) боюнча НКББП, ОМКларды түзүүдө иш берүүчүлөрдүн сунуш-пикирлери эске алынат.

2.13. Абитируенттерге коюлуучу талаптар
Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик-методикалык документтеринин жана ОшМУнун окуу жайга кабыл алуу жоболоруна ылайык абитуриент тандап алган адистик боюнча алдын ала түзүлгөн тесттик суроолордун негизинде сынак тапшырат. Сынактын жыйынтыгы менен алган баллдардын негизинде окууга кабыл алынат. Абитурент окууга тапшыруу үчүн төмөндөгү документтердин бирөөсүн алып келүүсү керек:

- орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

3. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө.

3.1. Бүтүрүүчүнүн кесипти колдонуу тармагы:

- 230701 – «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп, алардын уюштуруу-укуктук формаларына карабастан, ар түрдүү тармактардагы уюмдар (ишканалар) саналат.

3.2. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү:

Бүтүрүүчүлөрдү кесиптик ишине даярдоо багыты боюнча 230701 «Колдонмо информатика (тармактар боюнча) багыты өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: улуттук экономикалык маселени чечүүнүн, иштеп чыгуунун, модификациялоонун, адаптациялоонун, тууралоонун ыкмасын тандоо менен маалыматтар системасынын моделин түзүү жана программалык камсыздоону тейлөө.

1.3. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрү:

- Тармактык маалыматтарды иштетүү
- Тармактык багытта программалык камсыздоону иштеп чыгуу, киргизүү жана адаптациялоо
- Тармактык багытта программалык камсыздоону колдоо жана жайылтуу

3.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери.

230701 – «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» адистиги боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатындагы милдеттери
КМ-1. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) **билим берүүнүн программалары боюнча инсанды окутуу ишмердүүлүгү** .
Таалыматтык технологиялар тармагында ийгиликтүү иштей алган, социалдык мобилдүүлүгү эмгек рыногунда туруштук берүүгө өбөлгө түзгөн жалпы жана кесиптик компетенцияларга ээ орто кесиптик билими бар адисти даярдоо
КМ-2. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) билим берүүнүн программалары боюнча тарбиялоо ишмердүүлүгү
Максатка умтулган , уюштурууга жөндөмдүү, эмгекчил, жоопкерчиликтүү, улутчул, толеранттуу жана жалпы маданиятты жогорулатуу салымын кошо алган инсанды даярдоо

3.5.Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүктөрү.

Кесиптик орто билим бреүүнүн 230701 - «Колдонмо информатика (тармактар боюнча» адистиги боюнча кесиптик негизги билим беруүнү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:
- жогорку кесиптик билим беруүнүн негизги билим беруү программаларын өздөштүрүүгө;
- ылайык келген багыттары жана адистиктери боюнча кыскартылган мөөнөттө төмөнкү жогорку кесиптик билим беруүнүн негизги билим беруү программаларын өздөштүрүүгө;
510200 – «Колдонмо математика жана информатика»;
510300 – «Маалыматтык технологиялар»;
710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»;
710200 – «Маалыматтык системалар жана технологиялар»;
710300 – «Колдонмо информатика»;
710400 – «Программалык инженерия»;
710500 – «Интернет технологиялар жана башкаруу».
700200– «Техникалык системаларды башкаруу».
590100– «Маалымат коопсуздугу»;
580500– «Бизнес информатика»;
690300– «Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары»
580600 – «Логистика»
690600 – «Телематика»
550800 – «Кесиптик билим беруү »
550500 – « Технологиялык билим беруү»
710200 – « Медиа индустриядагы маалыматтык системалар жана технологиялар»

3.6. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча НКББПны ишке ашырууга карата талаптар.

3.6.1. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча НКББПны өз алдынча иштеп чыгууга карата талаптар. КНКББПны даярдоо адистиктерге болгон эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн эске алуу менен тийиштүү Мамлекеттик билим беруү стандартынын негизинде иштелип чыгылды.

Окуу жай НКББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социиалдык чөйрөнү өнүгүүсүн эс алып, кесиптик орто окуу жайлары билим беруү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу үчүн төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү карманууменен жыл сайын жаңыланып турат:
- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштемелеринде;
- билим беруү программаларын мезгил-мезгил менен рецензиялоонун мониторингдеринде;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун обьективдүү тартиптеринин иштемелеринде;
- профессордук-окутуучулук курамдын билим сапатын жана компетентүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке аткарылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугунун көзөмөлдөөдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарды, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

3.6.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтыктоочу баалоону өзүнө камтыйт. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жекече жетишкендиктерин тийиштүү КНКББПнын этаптуу жана түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын типтүү тапшырмаларды, текшерүү жумуштарын, тестерди ж.б. камтуучу, билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү базалары түзүлөт. Баалоочу каражаттардын базаларын кесиптик орто окуу жайлары иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүп чыгаруучу квалификация ыйгаруучу иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата кесиптик орто окуу жайлары тарабынан белгиленген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жөнүндөгү жобого ылайык аныкталат.

3.6.3. Бүтүрүүчүлөрдүн социалдык – инсандык компетенцияларын калыптандыруу. НКББПны иштеп чыгууда кесиптик орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрдүн социалдык – инсандык компетенцияларын (мисалы: социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталат. Аталган окуу жайда студенттер үчүн социалдык–маданий чөйрө түзүп, алардын инсандык сапаттарын калыптандырууга жана ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттар түзүлөт. Окуу процессинен сырткары социалдык-тарбиялык иштер, студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн, студенттик коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын ишине активдүү катышуу, студенттик илимий изилдөө иштерин өнүктүрүүгө көмөктөш болот.

3.6.4. Программаны ишке ашыруудагы студенттердин укук-милдеттери. Окуу жайда НКББПсы студенттин тандоосу боюнча дициплинанын ар бир

дициплиналар циклынын вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн түзөт. Студенттин каалоосу боюнча дициплиналарды түзүү тартибин окуу жайдын педкеңеши аныктайт.

- Студенттер каалоосу боюнча окуу дициплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде НКББПда белгиленген конкреттүү дициплинаны тандап алууга укуктуу.
- НКББПны өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында студенттер өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу.
- Студенттер окуу жайдын НКББПсында алдын ала караган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

3.6.5. Студенттердин эс алуусун уюштуруу.

Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү аудиториялык жана класстан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрүн кошкондо жумасына 45 саат өлчөмүндө белгиленет. Күндүзгү окуу формасында жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын окууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан кем эмесин түзөт. Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модуль) боюнча экзаменге даярдануу үчүн каралган убакыт кирет.

Студенттердин окуу жылындагы эс алуу убактысынын жалпы көлөмү 10 жуманы түзөт, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жума, жайкысын 8 жума эс алуу каралган.

4. НКББП ОКУУ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУН ЖАНА УЮШТУРУУНУ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР

230701 – «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» адистиги боюнча негизги жана жумушчу окуу пландары төмөндөгү нормативдик-укуктук документтердин негизинде түзүлүп, ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору тарабынан бекитилген:

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» закону.
2. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү боюнча колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистигинин мамлекеттик стандарты;
3. Кыргыз Республикасынын Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
4. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик-методикалык документтери.
5. ОшМУнун Уставы.

4.1. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча негизги окуу планы

230701 – «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» адистигинин негизги окуу планы Математика жана информациялык технологиялар факультетинин базасында 2016-жылы бекитилген.

Негизги жалпы билим берүүнүн базасында окуган студенттер үчүн окуу планында жалпы билим берүүчү цикл берилген. Негизги жалпы билим берүүнүн базасында кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты 1-курста жүзөгө ашырылат. Анын базасында мамстандартты жүзөгө ашыруунун мөөнөтү 40 жума, 10 жума каникул. Жалпы билим берүүчү цикл аяктагандан кийин студенттер милдеттүү түрдө сынак тапшырышат. Ал эми жалпы орто билим берүүнүн базасында окуган студенттер үчүн жалпы билим берүүчү цикл менен бирге эле кесиптик циклдеги дисциплиналар да камтылган.

4.2. Колдонмо информатика (тармактар боюнча) адистиги боюнча жумушчу окуу планы

Кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүүнүн стандартында кесиптик орто билим берүүнүн вариативдик бөлүктөрүнө сааттар ажыратылган. Ал сааттар милдеттүү бөлүктөрдүн мазмуну менен дал келет. Алар адистердин даярдыгын кеңейтүү жана тереңдетүү, атаандаштыкка туруштук берүүнү камсыздоо үчүн зарыл болгон регионалдык эмгек рыногунун талаптарына ылайык кошумча билим, билгичтиктерди жана компетенцияларды алуу максатында пайдаланылган. Вариативдик бөлүктүн сааттары STEM инновациялык колледжиндеги адистикти тейлөөчү циклдардын биргелешкен чечимдери менен бөлүштүрүлгөн.

Окуу планына ылайык «Адистике киришүү» - 45 саат., «Техникалык чет тили» - 4кр., «Web-тиркемелерди иштеп чыгуу» - 4кр., «Мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу» - 4кр., «Java script негиздери» - 4кр., өлчөмдөрүндө тандоо курстары киргизилген.

230701 – «Колдонмо информатика (тармактар боюнча)» адистигинин кесиптик билим берүү программасы студенттерди кесипке даярдоонун мазмунун, аны уюштуруунун жана окутунун жыйынтыктарын баалоонун тартиптерин көрсөткөн нормативдик жана методикалык документтердин комплекси болуп эсептелет.

Программа боюнча даярдоонун негизги максаты – даярдыктан жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөн адис билим берүү мекемелеринин уюштуруу-укуктук формаларына карабастан техник программист катары кесиптик ишмердикке даяр болууга тийиш.

Программа боюнча даярдоо төмөнкү дисциплиналардан турат:

(тиркеме 1)

4.3. Окуу процессинин календардык графиги.

Дисциплиналардын ар бир циклы базалык (милдеттүү түрдө) 80% жана вариативдик бөлүккө 20% ээ болот. Вариативдүү бөлүк базалык дисциплиналардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдүү бөлүк кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзөт.

4.4. Программаны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү:

- орто жалпы билим берүүнүн базасында: 1440 саат ;
- негизги жалпы билим берүү базасында бардыгы: 3600 саат (120 кредит);

5. ПРАКТИКАЛАРДЫ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ

5.1. Практикалардын түрлөрү.

Практика НКББПнын милдеттүү бөлүмү болуп саналат. Ал студенттердин практикага багытталган даярдыгын камсыз кылган окуу сабактарынын бир түрү болуп эсептелет. ОКББ НКББПсы ишке ашырууда практиканын төмөнкү түрлөрү каралган:

- *окуу (таанышуу) практикасы - 2 жума (3 кредит);*
- *окуу-өндүрүштүк практикасы- 2 жума (3 кредит);*
- *өндүрүштүк практика- 6-жума (9 кредит)*

Практиканын бардык түрлөрү студенттердин кесиптик компетенцияларды өздөштүрүү учурунда билим берүү мекемеси тарабынан өткөрүлөт, же чогултулган түрдө бир нече этап формасында, же чачыранды түрдө, теориялык сабактар менен айкалыштырылып жүргүзүлүшү мүмкүн. Практиканын ар бир түрүнүн максаты, милдеттери, программасы жана отчеттуулук формасы STEM инновациялык колледжи тарабынан аныкталат. Практика шаардагы жана райондордогу мекеме ишканаларда алдын ала түзүлгөн келишим боюнча ишке ашат. Практиканын жыйынтыгы боюнча аттестация ишканалардан келген документтер менен тастыкталган натыйжалардын негизинде жүргүзүлөт.

5.2. Практиканы өткөрүүнүн жайы жана убактысы

Практикалар колледждин окуу процессинин графигине ылайык шаардык жана шаар четиндеги ишканаларда өткөрүлөт.

5.3. Көзөмөлдөөнүн формасы.

Дифференцирленген баалоо.

5.4. Практиканы уюштуруу жана өткөрүүнүн милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- студенттин теориялык билимдерди тереңдетүү жана бекемдөө, аларды практикада колдонуу;

- студенттерде педагогикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, педагогикалык аң-сезимди жана кесиптик жактан маанилүү инсандык сапаттарды калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- студенттердин кесиптик маданиятын өнүктүрүү;
- студенттерде чыгармачылык ой жүгүртүүнү, кесиптик ишмердиктин жекече стилин калыптандыруу;
- аларда педагогикалык өз алдынча билим алууга карата жана тынымсыз өз билимин өркүндөтүүгө карата керектөөнү өнүктүрүү;
- студенттердин мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиячысы кесибине жарамдуулугун диагноздоо;
- аларга мектепке чейинки мекемелердеги окуу-тарбия иштеринин азыркы абалын, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөтүү.

6. НКББПсны ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар

6.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу

НКББПсын ишке ашыруу окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келүүчү базалык жогорку билими же магистр даражасы бар педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек. Кесиптик циклдин окутуучуларынын профилине ылайык келүүчү жогорку билими, магистр даражасы жана тийиштүү кесиптик чөйрөдө практикалык иш тажрыйбасы болушу керек.

6.2. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо

НКББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин маалыматтар базасына жана негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн китепканалык фонддорду пайдалана алуусу менен камсыз кылынуусу керек. Кесиптик орто окуу жайларынын билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуусу менен аныкталат) камтуусу зарыл.

Кесиптик билим берүүнүн негизги программасын иш жүзүнө ашыруу үчүн студенттерди окуу адабияты же электрондук адабият менен камсыз кылуу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченем ылайык келиш керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмадагы материалдар пайдаланылышы зарыл.

Библиотекалык фондду комплектөөдө студенттер окуп үйрөнүүгө тийиш болгон бүт предметтердин циклдери боюнча негизги жана кошумча адабияттар акыркы 10 жыл аралыгында басмадан чыккан же электрондук варианттагы басылмалар болушу шарт. Окууга тиешелүү адабияттардан сырткары китепкана фондунда расмий, справочно-библиографиялык жана мезгилдүү басылмалардын болушу зарыл.

Электрондук басылмаларды колдонуuда окуу жайы окулуучу дисциплиналардын өлчөмүнө ылайык лицензияда көрсөтүлгөн программалык талаптарды аткаруу үчүн, ар бир студенттин компьютердик класста иштөөсүнө шарт түзүп, ар бир студентти иш орду менен камсыз кылуусу зарыл.

6.3. Окуу процессин материалдык–техникалык жактан камсыздоо.

Студенттерди кесиптик орто окуу жайларынын окуу планында алдын ала каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык, практикалык даярдоону камсыз кылуу үчүн ОКББ НКББПсын ишке ашыруучу кесиптик орто окуу жайларынын аракеттеги санитардык жана өрткө каршы эрежелери менен нормаларгы ылайык келүүчү материалдык-техникалык базасы болуусу керек.

6.4.Кабинеттердин, канаалардын тизмеги:

Предметтер боюнча кабинеттер: гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар кабинети, педагогика жана психология кабинети, физиология, анатомия жана гигиена; чет тилдер: кыргыз тилин окутуу, математиканы окутуу; табият таанууну окутуу, музыка жана музыкалык тарбия; балдар адабияты кабинети.

- Атайын кабинеттер: компьютердик класстар, ;
- Лаборатория: информатика жана информациялык технологиялар;
- Спорттук комплекс: спорттук зал;
- Китепкана, окуу залы;
- Интернетке туташтырылган компьютердик класстар.

6.5. Бүтүрүүчүөрдү даярдоонун сапатын баалоо.

1. НКББПны өздөштүрүүнүн сапатын баалоо өз ичине күнүмдүк көзөмөл, курстан курска көчүрүүдөгү көзөмөл жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттеестацияны камтыйт.
2. Студенттин билимин көзөмөлдөө, жөнгө салуу, дицсиплиналар боюнча аралык аттестациялоо ОшМУнун №19 бюллетендин жоболоруна ылайык иштелип чыккан тартип боюнча алып барат.
3. НКББПнын талаптарына ылайык окуучулардын жекече жетишүүсүн аттестациялоо үчүн билимдерди, билгичтиктерди жана өздөштүрүлгөн компетенцияларды билүү максатында баалоо каражаттарынан фонду түзүлөт жана аны иш берүүчүлөр менен макулдашууларга негизделет.
4. Студенттердин компетенцияларын баалоо – алардагы билимди жана компетенциялардын калыптануусун баалоо аркылуу жүрөт.
5. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга уруксат берүүнүн зарыл шарты болуп теориялык материалдарды окуп үйрөнүүдө, практикаларды өтүүдө, студенттердин компетенцияларды өздөштүрүүсүн, калыптануусун тастыктоочу документтердин бар болушу саналат.

6. Мамлекеттик (жыйынтыктоочу) аттестация жана комплекстүү мамлекеттик экзамендер атайын иштелип чыккан жана бекитилген Жобого негизделип жүргүзүлөт.

6.6. Баалоо каражаттарынан фонду.

Баалоо каражаттарынын фонду окуу жай тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана бекитилет, ал эми баалоо каражаттарынын фонду жыйынтыкоочу мамлекеттик аттестациялоо боюнча иш беүрүүчүлөр менен алдын ала жүргүзүлгөн макулдашуулардан кийин иштелип чыгат.

Эксперттер:

1. Масиркулов Ш.Т. – "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Ош филиалынын системалык администратору.

STEM инновациялык колледжинин педагогикалык кеңешинин төрайымы, ф.и.к., доцент: Абдилакимова Б.К.

STEM инновациялык колледжинин методикалык кеңешинин төрайымы, окутуучу: Закирова Т.А.

Программа жетекчиси, улук окутуучу: Шакиров К.К.

(тиркеме 1) **Адистик: 230701 Колдонмо информатика (9 класс, 11 класс базасында)**

Учебный план 2022-23 года. Форма обучения - очная колледж (на базе 9кл)																		
Дисциплина				Экз/зач	Кафедра	Контр.работа	Всего ауд.	Лк.	Лб.	Пр.	Сем.	СРС	СРСП	Интер.часы	РЗР	Инд./зад.	Всего	Кред
1-семестр							846	0	60	786	0	0	0	0	0	0	846	0
1	ГК	ООД	**Русский язык (для русс.групп)**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
2	ГК	ООД	**Кыргызская литература (для кырг.групп)**	Итог/оценка	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	40			40							40	0
3	ГК	ОПД	**Кыргызский язык (для кырг.групп)**	Итог/оценка	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	40			40							40	0
4	ГК	ОПД	**Кыргызский язык (для русс.групп)**	Итог/оценка	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	40			40							40	0
5	ГК	ООД	**Русская литература (для русс.групп)**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
6	ГК	ООД	**Иностранный язык**	Итог/оценка	Английского языка/межколледж	---	40			40							40	0
7	ГК	ООД	**Мировая история**	Итог/оценка	Документационное обеспечение управления, архивоведение ИПК	---	40			40							40	0
8	ГК	ООД	**Математика**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	100			100							100	0
9	ГК	ООД	**Физика**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	60			60							60	0
10	ГК	ООД	**Химия**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	30			30							30	0
11	ГК	ООД	**Физическое воспитание**	Итог/оценка	Руководитель физического воспитания (ИПК)	---	40			40							40	0
12	ГК	ООД	**Начальная военная подготовка**	Итог/оценка	Социальных работ и довоенная подготовка	---	40			40							40	0
13	ВК	ОПД	**Язык Python**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45		30	15							45	0
14	ГК	ООД	**Биология**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	40			40							40	0
15	ГК	ООД	**Астрономия**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	20			20							20	0
16	ГК	ООД	**Человек и общество**	Итог/оценка	Документационное обеспечение управления, архивоведение ИПК	---	40			40							40	0
17	ВК	ОПД	**Введение специальность**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45			45							45	0

18	ВК	ОПД	**Графический редактор PhotoShop**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45		30	15							45	0
19	ВК	ОПД	**Новые информационные технологии**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45			45							45	0
20			**Кураторский час**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	16			16							16	0
			Количество зачетов	0														
			Количество экзаменов	0														
			Недельная нагрузка				50											
2-семестр							**906**	**0**	**60**	**846**	**0**	**0**	**0**	**0**	**0**	**0**	**906**	**0**
1	ГК	ООД	**Кыргызская литература (для кырг.групп)**	Итог/оценка	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	40			40							40	0
2	ГК	ООД	**Кыргызский язык (для кырг.групп)**	Итог/оценка	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	40			40							40	0
3	ГК	ООД	**Кыргызская литература (для русс.групп)**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
4	ГК	ООД	**Русская литература (для русс.групп)**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
5	ГК	ООД	**Русский язык (для кырг.групп)**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
6	ГК	ООД	**Русский язык (для русс.групп)**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
7	ГК	ООД	**Мировая литература**	Итог/оценка	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	40			40							40	0
	ГК	ООД	**Мировая литература**	Итог/оценка	Русского языка и литературы	---	40			40							40	0
8	ГК	ООД	**Иностранный язык**	Итог/оценка	Английского языка/межколледж	---	40			40							40	0
9	ГК	ООД	**История Кыргызстана**	Итог/оценка	Документационное обеспечение управления, архивоведение ИПК	---	40			40							40	0
10	ГК	ООД	**Математика**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	100			100							100	0
11	ГК	ООД	**Физика**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	60			60							60	0
12	ГК	ООД	**Химия**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	30			30							30	0
13	ГК	ООД	**Начальная военная подготовка**	Итог/оценка	Социальных работ и довоенная подготовка	---	40			40							40	0
14	ГК	ООД	**География**	Итог/оценка	Профессиональных дисциплин	---	40			40							40	0
15	ВК	ОПД	**Графический редактор PhotoShop**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45		30	15							45	0
16	ВК	ОПД	**Язык Python**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45		30	15							45	0

17	ГК	ООД	**Физкультура**	Итог/оценка	Руководитель физического воспитания (ИПК)	---	40			40							40	0
18	ВК	ОПД	**Технология управления делопроизводством**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45			45							45	0
19	ВК	ОПД	**Компьютерные науки**	Итог/оценка	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45			45							45	0
20			**Кураторский час**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	16			16							16	0
			Количество зачетов	0														
			Количество экзаменов	0														
			Недельная нагрузка				53											
			3-семестр				**541**	**138**	**144**	**259**	**0**	**405**	**0**	**0**	**0**	**0**	**946**	**30**
1	ГК	ГСЭ	**Русский язык**	Экзамен	Русского языка и литературы	---	30			30		30					60	2
2	ГК	ГСЭ	**История Кыргызстана**	Экзамен	Документационное обеспечение управления, архивоведение ИПК	---	60	30		30		60					120	4
3	ГК	МЕН	**Профессиональная математика**	Экзамен	Физики, математики	---	30	12		18		30					60	2
4	ГК	ПЦ	**База данных**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	75	30	45			75					150	5
5	ГК	МЕН	**Компьютерная графика и мультимедия**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	30	12	18			30					60	2
6	ГК	ГСЭ	**Физкультура**	---	Руководитель физического воспитания (ИПК)	---	30			30							30	0
7	ГК	ГСЭ	**Кыргызский язык и литература**	Экзамен	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	45			45		45					90	3
8	ГК	ПЦ	**Системное и прикладное программирование**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	75	30	45			75					150	5
9	ВК	ПЦ	**Технические средства информатизации**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
10	ГК	ГСЭ	**Учебно-ознакомительная практика**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	90			90							90	3
11			**Кураторский час**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	16			16							16	0
			Количество зачетов	0														
			Количество экзаменов	9														
			Недельная нагрузка				32											
			4-семестр				**526**	**142**	**171**	**213**	**0**	**420**	**0**	**0**	**0**	**0**	**946**	**30**
1	ВК	ГСЭ	**Технический иностранный язык**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45			45		45					90	3
2	ГК	ГСЭ	**Иностранный язык**	Экзамен	Английского языка/межколледж	---	30			30		30					60	2

3	ГК	ГСЭ	**Манасоведение**	Экзамен	Кыргызского языка и литературы, манасоведения	---	30	14		16		30					60	2
4	ГК	ГСЭ	**География Кыргызстана**	Экзамен	Профессиональных дисциплин	---	30	14		16		30					60	2
5	ВК	МЕН	**Графический дизайн**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	30	12	18			30					60	2
6	ГК	ПЦ	**Операционные системы**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
7	ГК	ПЦ	**Алгоритмизация и программирование**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
8	ГК	ПЦ	**Информационные системы**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	75	30	45			75					150	5
9	ГК	ПЦ	**Web программирование**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
10	ГК	ГСЭ	**Физическая культура**	Зачет	Руководитель физического воспитания (ИПК)	---	30			30							30	0
11	ГК	ГСЭ	**Междисциплинарный гос.экзамен (Кыргызский язык и литература, истории Кыргызстана и географии Кыргы**	Экзамен	Документационное обеспечение управления, архивоведение ИПК	---	60			60							60	2
12			**Кураторский час**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	16			16							16	0
			Количество зачетов	1														
			Количество экзаменов	10														
			Недельная нагрузка				31											
			5-семестр				**466**	**180**	**252**	**34**	**0**	**450**	**0**	**0**	**0**	**0**	**916**	**30**
1	ГК	ОПД	**Объектно-ориентированное программирование**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	90	36	54			90					180	6
2	ГК	ОПД	**База данных**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
3	ГК	ОПД	**Вычислительные системы,сети и телекоммуникации**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
4	ГК	ОПД	**Экономика отрасли**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	30	12		18		30					60	2
5	ГК	ОПД	**Информационная безопасность**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	75	30	45			75					150	5
6	ВК	ОПД	**Разработка Web - приложений**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
7	ВК	ОПД	**Банковское дело**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	45	18	27			45					90	3
8	ВК	ГСЭ	**Система автоматизированного проектирование (AutoCAD)**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	30	12	18			30					60	2
9			**Кураторский час**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	16			16							16	0

			Количество зачетов	0														
			Количество экзаменов	8														
			Недельная нагрузка				27											
			6-семестр				**403**	**102**	**126**	**175**	**0**	**525**	**0**	**0**	**0**	**0**	**928**	**30**
1	ГК	ОПД	**Проектирование информационных систем**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
2	ГК	ОПД	**Безопасность жизнедеятельности**	Экзамен	Профессиональных дисциплин	---	45	18		27		45					90	3
3	ГК	ОПД	**Разработка и эксплуатация автоматизированных информационных систем**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	30	12	18			30					60	2
4	ВК	ОПД	**Основы программирование в Java script**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
5	ВК	ОПД	**Технология разработка мобильных приложений**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	60	24	36			60					120	4
6	ГК	ГСЭ	**Производственная практика**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	0					270					270	9
7	ГК	ГСЭ	**Итоговая государственная аттестация**	Экзамен	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	120			120							120	4
8	ГК	ГСЭ	**Обзорные лекции**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	12			12							12	0
9			**Кураторский час**	---	Информационно-коммуникационных дисциплин	---	16			16							16	0
			Количество зачетов	0														
			Количество экзаменов	7														
			Недельная нагрузка				24											
Всего по плану								**562**	**813**	**2313**	**0**	**1800**	**0**	**0**	**0**	**0**	**5488**	**120**